**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ**
**МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО**
**ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

257, K. Tynystanov St,
Bishkek 720040
tel.: (312) 66-24-42
fax: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

_______________№ _______________

_______________ №_______________катка

**Жогорку окуу жайлар**
*(тизме боюнча)*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Германиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинен Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү боюнча иш-аракеттер фонду (Climate Action Facility - CAF) тууралуу маалымат келип түшкөнүн кабарлайт.

Герман тарабынын маалыматына ылайык, аталган Фонд өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө сектордук декарбонизацияны колдоо үчүн эл аралык климатты каржылоо программасы болуп саналат. Фонд дүйнө жүзү боюнча парник газдарынын эң көп эмиссиясы болгон секторлорго *(энергетика, өнөр жай жана транспорт)* көңүл бурат. Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү фонду 2012-жылы Германия жана Британия өкмөттөрү тарабынан негизделген NAMA Фондунун уландысы болуп саналат. 2024-жылга карата долбоорлорду каржылоо үчүн арыздардын кабыл алынуусу 2023-жылдын 12-декабрында БУУнун COP28 конференциясында башталды жана жалпы каржылоонун көлөмү 100 млн. евро.

Долбоордун идеялары кыска концепциялар катары 2024-жылдын 29-февралына чейин берилиши керек. Тандоодон өткөн долбоордук идеялар тандоо аяктагандан кийин өздөрүнүн толук даярдалып бүтө элек долбоордук-сметалык документацияларын берүүгө милдеттүү. Долбоорлор 5,5 жылга чейинки мөөнөт менен 25 млн. еврого чейин каржыланышы мүмкүн. Каржылоо алуу үчүн арыздар онлайн режиминде гана берилет. Кошумча маалыматты https://mitigation-action.org/- сайтынан алса болот.

Каржылоого арыздар онлайн берилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине Герман тарабын маалымдоо үчүн жана мүмкүн болгон учурда долбоордук идеяларды алдыга жылдыруу максатында ilimbashkarmalygy@edu.gov.kg электрондук дарегине ушул жылдын 9-февралынан кечиктирбей маалымат жиберүүнү өтүнөт.

**Министрдин орун басары** **Р. Абазбек уулу**